№9 (7843)



# Улуттук банктын Талас областтык башкармалыгынын түптөлүү тарыхы

***2017-жылдын 6-мартында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кыргыз банкы катары расмий түзүлүшүнө 25 жыл толгону турат. Улуттук банктын Талас областтык башкармалыгынын башчысы Акимбеков Хусеин Маматкановичти чейрек тарыхка ээ болгон Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын тарыхы, ишмердүүлүгү жана коомубузга кошкон салымдары тууралуу кепке тарттык.***

**-Хусейн Маматканович, сиздерди маареке менен куттуктоо менен бирге, алгач окурмандар үчүн облусубуздагы Улуттук банктын түптөлүшү тууралуу маалымат бере кетишиңизди сурайт элек.**

-Тарых маалыматына кайрылып карай турган болсок, Талас облусунда банк мекемесинин ачылып иштей башташы 1920-жылдын орто ченине тийиштүү экен. Ал убакта, Талас шаары Дмитриевка айылы деп аталып биринчи Мамлекеттик банк ачылган.

Мезгил өтүп, түркүн социалдык-экономикалык өзгөрүштөр болуп, ага ылайык банктардын аталыштары, тейлөө максаттары өзгөрүүгө учураган.

1987-жылга чейин, облуста СССР мамлекет банкынын Кыргыз республикалык контурасынын областтык башкармасы жана азыркы Бакай-Ата, Кара-Буура, Манас райондорунда жана Талас шаарында бирден бөлүмдөрү болгон.

1987-жылы СССР мамлекет банкынын Кыргыз республикалык конторасы СССР мамлекет банкынын Кыргыз республикалык банкына айланат. Мамлекеттик банктын жер жерлердеги бөлүмдөрү жоюлуп Талас шаарында СССР мамлекет банкынын областтык башкармасы гана калган.

1988-жылы Талас облусу жоюлгандыгына байланыштуу СССР мамлекет банкынын областтык башкармасы жоюлган.

1991-жылы Талас облусу кайрадан калыбына келтирилгендигине байланыштуу жана банктар аралык расчетторду жүргүзүү үчүн Талас шаарында Расчеттук-кассалык борбор түзүлгөн (РКЦ).

СССРдин кыйрашы менен Кыргыз ССРинин Мамлекеттик банкы, 1991-жылы Кыргыз Республикасынын менчигине өтүп, Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик банкы болуп кайрадан түзүлөт.

1992-жылдын 6-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин №873-XII токтомуна ылайык Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик банкы Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкы (Кыргызстан банкы) болуп кайрадан түзүлгөн. Ага байланыштуу, 1993-жылы 22-апрелде Талас шаарындагы Расчеттук-кассалык борбордун базасында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Талас областтык башкармалыгы түзүлгөн.



**-Улуттук банктын аймактык башкармалыктарынын ишмердүүлүгү тууралуу айтып бересиңиз.**

-Областтык башкармалык, өз ишмердүүлүгүндө, "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын банк жана банк ишмердүүлүгү жөнүндө", "Кредиттик союздар жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына таянып иш жүргүзөт.

Областтык башкармалык өзүнчө юридикалык жак катары эсептелинбейт, ошондуктан Областтык башкармалык өз ишмердүүлүгүндө Улуттук банктын атынан аракет жасайт жана Башкармалыкка берилген укук-милдеттерди аткаруу менен чектелет.

"Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Областтык башкармалыктын ишмердүүлүгүнө Мамлекеттик бийлик органдарынын кийлигишип тигил же бул маселени чечүүсүнө жол берилбейт.

Областтык башкармалыкты Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасы тарабынан дайындалуучу башчы жетектейт.

Областтык башкармалыктын негизги максаты Улуттук банктын областтагы негизги тапшырмаларын чечүү болуп саналат.

**-Ушул тапшырмаларга токтоло кетсеңиз. Кандай тапшырмалардын үстүндө иш алып барасыздар?**

-Алдыга койгон максаттарды чечүүгө жетишүү үчүн, Областтык башкармалык төмөнкү тапшырмаларды аткарат:

- Улуттук банктын тийиштүү ченемдик укуктук актысынын негизинде, калктын жана чарбалык иш жүргүзүүчү юридикалык жактардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн коммерциялык банктарды накталай акча каражат менен камсыздоо;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Инспектирлөө башкармалыгынын аныктоосуна ылайык, облустун аймагында жайгашышкан банктардын жана банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишмердүүлүгүнө текшерүүлөрдү жүргүзүү;
- Облустун аймагында жайгашышкан банктык эмес финансы-кредиттик мекемелерге лицензия, күбөлүк берүү жана алардын ишмердүүлүгүн тескөө, көзөмөлдөө;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын максаттарын, тапшырмаларын, жана Улуттук банктын ишмердүүлүгүнүн ачыктыгын облустун аймагындагы коомчулукка жеткирүү жана түшүндүрүү.

**-Жогоруда айтып кеттиңиз банктарды жана банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишин көзөмөлдөйбүз деп, биздин облуста сиздердин көзөмөлүңүздөрдө турган канча ушундай мекеме бар?**

-Республикабызда 1987-жылы "Жилсоцбанк", "Промстройбанк", "Агропромбанк" аттуу мамлекеттик банктар түзүлгөн. 1990-жылы биринчи коммерциялык банк АКБ "Курулушбанк" ачылган. 1991-жылдан баштап башка коммерциялык банктар ачылып, мамлекеттик банктар акционердик-коммерциялык банктарга айлана баштаган. Кийинирээк, бир топ банктар банкрот болуп жоюлуп, бекемдери өз ишин улантты. Аны менен бирге, Талас шаарында жана облустун райондорунда да бир катар коммерциялык банктардын бөлүмдөрү (филиалдары) ачылган. Мезгилдин шарапаты менен жүрүп олтуруп, бүгүнкү күндө коммерциялык банктардын филиалдарынын саны облус аймагында 18ке, алардын сактык кассаларынын саны 23кө жетти. Алар менен катарлаш, облустун аймагында банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүшүп келишүүдө. Тактап айтканда, ушул жылдын 1-январына карата Улуттук банктын областтык башкармалыгы аркылуу лицензия жана күбөлүк алып 8 кредиттик союз, 2 микрокредиттик компания, 4 микрокредиттик агенттик жана 18 акча алмашуу бюросу иштеп келген. Ошондой эле, 1 микрофинансылык компаниянын 2 филиалы жана 3 микрокредиттик компаниянын филиалдары жана бөлүмдөрү өздөрүнүн кызматтарын көргөзүп жатышат.

**-Улуттук банктын мындан аркы келечек пландары, ой-тилектери кандай?**

-Тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү менен баалардын туруктуулугуна жетишүү жана аны кармап туруу Улуттук банктын ишинин негизги максаты болуп кала берет. Негизги максатына жетиш үчүн Улуттук банк өзүнүн карамагындагы акча-кредит саясатынын инструменттерин колдонуусун улантат.

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын банк секторунун туруктуулугун камсыз кылууга багытталган, экономиканын долларлашуу деңгээлин, банктардын жана банк эмес финансы-кредит мекемелердин тобокелдиктерин төмөндөтүү, калктын финансы-кредит мекемелеринин кызматтарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу боюнча иш-чараларды улантат.

**-Маегиңизге чоң рахмат, ишиңиздер ийгиликтүү уланышына тилектешмин!**

**Маектешкен**
**С.ДҮЙШӨНБАЕВ**